КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ

ТОГУЗ-ТОРО РАЙОНУ
КАРГАЛЫК
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

ТОГУЗ-ТОРОУСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КАРГАЛЫКСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги XIX сессиясынын
ТОКТОМУ

25 - февраль 2026-жыл №17 Казарман айылы

Каргалык айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 20 - февраль № 01-6/225 чыгыш сандуу каты "Калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйымды" кароо жөнүндө

Каргалык айылдык кеңешинин "Бюджет, экономика, инвестиция, муниципалдык менчик, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча" туруктуу комиссиясынын төрагасы Атыканов Анарбек Кадыкеевичтин маалыматын угуп жана талкуулап, Каргалык айылдык кеңешинин Регламентинин 2 - главасынын 2.1 - пунктуна ылайык, Каргалык айылдык кеңешинин (I чакырылышынын) кезектеги XIX сессиясы **токтом кылат**

1. Каргалык айыл өкмөтүнүн аймагында жергиликтүү бюджетке түшө турган конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйым 2018-жылдын 10-августу №90 Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексинин 24-главасынын 76-беренесине ылайык;
   - Жеке жактар-ишкердик иш үчүн багытталбаган турак жай курулуштарынын ээлери ар бир жашоочу үчүн 5 (беш) сом өлчөмүндө,
   - жеке жана юридикалык жактар-ишкердик иш үчүн арналган имараттардын ээлери ар бир жумушчуга 100 (жүз) сом өлчөмүндө белгиленсин.
2. Мамлекеттик жана муниципалдык менчикте турган курулуштар үчүн ишканалар жана мекемелерде эмгектенген ар бир жумушчу үчүн 100 (жүз) сом өлчөмүндө белгиленсин.
3. Тогуз-Торо райондук салык башкармалыгына эсеп берүү жана төлөө мөөнөтү 2026- жылдын 1- апрелине чейин белгиленсин.
4. Бул токтом Каргалык айыл өкмөтүнүн kargalyk.gov.kg расмий веб-сайтына жарыялансын.
5. Бул токтомду көзөмөлдөө «Бюджет, экономика, инвестиция, муниципалдык менчик, ишкердик иш жана тышкы экономикалык байланыш боюнча» туруктуу комиссиясынын төрагасына тапшырылсын.

Каргалык айылдык кеңешинин төрагасы **Т.И.Токтоболотов**